## 10.Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:

-балага жалпы орто билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;
-балдардын күч-кубатына жана психикалык ден соолуктарына ар дайым кам кордук көрүүгө;
-баланын инсандык намысын урматтап, аны улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, Мекенин, айлана-чөйрөнү урматтоого, тарбиялоого;
-мектептин уставындагы өзүлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууга жана балдарынын тарбиясына жана балдары мектепке зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө.

## 11.Мектепти мугалимдер менен толуктоо.

Мектепти мугалимдер менен толуктоо (комплектөө) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлүп, уставында аныкталат.

Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп мектеп эсептелет.

Педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому, тийиштүү педагогикалык квалификациясын ырастаган педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар кабыл алынат.

Педагогикалык билими жана дасыгы жок жараандар кайра даярдоо курсунан өтүшкөндөн кийин гана педагогикалык кесипте иштөөгө укуктуу.

Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга мектепте иштөөгө жол берилбейт.

Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Руспубликасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

## 12. Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:

-окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим берүү программаларын, окутуу-усулдук комплекттерди, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
-алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
-өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;
-кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;
-өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга (бул максатта мектеп администрациясы мугалимдерди кайра даярдоо жана дасыктарын жогорулатуу курстарында окутуу үчүн тийиштүү шарттарды түзөт;
-Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
уставында аныкталган тариздe мектепти башкарууга катышууга;
-Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге.

## 13. Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү;

-педагогикалык этиканы жана мектептин уставын тутууга жана аткарууга;
-мамлекеттик билим берүү стандарттарын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого;
-окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарын жогору ахлактык сапаттарын тарбиялоого;
-билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык дасыктык талаптарга ылайык келүүгө;
-өзүнүн кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүүгө жана дасыктарын жогорулатууга;
-окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдетүү.